УДК: 947.1

*Жусупова М.М., т.и.к., доцент, ТалМУ*

## ЖУСУП АБДРАХМАНОВДУН ЗАМАНДАШЫ ТӨРӨКУЛ АЙТМАТОВДУН МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА САЯСИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

*Илимий макалада советтик жана кыргыз мамлекеттик ишмери Жусуп Абдрахмановдун замандашы Төрөкул Айтматовдун мамлекеттик жана саясий ишмердүүлүгү жөнүндө баяндалды. Жогоруда аталган эки инсан тең Кыргыз мамлекетин түптөгөндөрдүн башында болуп, аны түзүлүшүнө жана калыптанышына негиз салышкан.*

*Макалада XX кылымдын 20-30-жылдарындагы ата мекени үчүн өз жанын аябаган, мыкты инсандарынын бири Төрөкул Айтматовдун ишмердүүлүгүн ачууга аракет жасалды. Өмүрүнүн кыска мөөнөтүндө Кыргыз мамлекетинин өз алдынчалыгы үчүн алгылыктуу иштерди аткарууга жетишкен. Ар кандай жооптуу кызматтарда иштегендигине байланыштуу, Т. Айтматов тайманбастан элдин жүгүн көтөргөнү ишенимдүү материалдар менен берилди.*

*Эки инсан тең күчтөрүн советтик коомду курууга арнап, аягында репрессиянын бейкүнөө курмандыгына айланган инсандардын катарына кошулганы өкүнүчтүү экени баяндалды.*

*Илимий макалада өмүрлөрү өрнөктүү инсандардын ишмердүүлүктөрү кийинки муундарга чоң сабак экендиги тууралуу жыйынтык чыгарылды.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *Жусуп Абдрахманов, Төрөкул Айтматов, инсан, мамлекеттүүлүк, мамлекеттик ишмер, саясий ишмер, репрессия.*

*Жусупова М.М., к.и.н., доцент, ТалГУ*

## ГОСУДАРСТВЕННАЯ И ПОЛИТИЧЕСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ СОВРЕМЕННИКА ДЖУСУПА АБДРАХМАНОВА − ТОРОКУЛА АЙТМАТОВА

*В данной статье излагается государственная и политическая деятельность Торокула Айтматова, современника, соратника, деятеля советского и кыргызского государства Джусупа Абдрахманова.*

*Вышеназванные две личности стояли на истоке основания государственности в Кыргызстане и вложили огромный труд в его становление и развитие.*

*В статье сделана попытка раскрыть деятельность одного из выдающихся личностей, не пожалевшего свою жизнь ради родного отечества в 20-30 годы XX века − Торокула Айтматова. За свою короткую жизнь он успел сделать значительный вклад для суверенитета кыргызского государства.*

*В связи с тем, что Торокул Айтматов трудился в разных отвественных государственных должностях, в статье открыто представлены достоверные материалы, доказывающие его службу своему народу.*

*А также сообщается о том, что вызывает сострадание, что обе личности, посвятившие свои силы на строительство советского общества, в конечном счете, оказались жертвами репрессии.*

*Научная статья завершается тем, что жизнь и деятельность образцовых личностей будут служить примером для подрастающего поколения.*

***Ключевые слова****: Жусуп Абдрахманов, Торокул Айтматов, личность, государственность, государственный деятель, политический деятель, репрессия.*

*Zhusupova M.M., Phd in History, Talas State University*

## STATE AND POLITICAL ACTIVITY OF THE CONTEMPORARY DZHUSUP ABDRAHMANOV and TOROKUL AITMATOV

*This article states about the state and political activity of Torokul Aitmatov, a contemporary* for *Jusup Abdrakhmanov, who was a colleague, public figure of the Soviet and Kyrgyz state.*

*The above-mentioned two personalities stood on a statehood basis in Kyrgyzstan and contributed huge work to its formation and development.*

*In article there is an attempt to open activity of one of outstanding persons who didn't regret the life for the sake of the homeland in 20-30 years of the 20th age of Torokul Aitmatov is made. For the short life he managed to make the significant contribution to the sovereignty of the Kyrgyz state.As Torokul Aitmatov worked in different responsible state positions the reliable materials proving his service to the people are openly presented in article.*

*And also it is reported about what causes compassion that both personalities who devoted the forces on creating of soviet society, eventually, became the victims of repression.*

*The scientific article comes to the end with the fact that life and activity of outstanding persons will be an example for younger generation.*

***Key words:*** *Jusup Abdrakhmanov, Torokul Aitmatov, personality, statehood, statesman, political figure, repression.*

Өткөндөр даңкталмайынча, тирүүлөр бarkталбайт. Андыктан Жусуп Абдрахманов, Абдыкадыр Орозбеков, Касым Тыныстанов, Баялы Исакеев, Төрөкул Айтматов сыяктуу өрнөктүү адамдарды даңктап, алардан жаштар үлгү, тарыхтан сабак алышы керек. XX кылымдын 20-30-жылдарындагы Кыргыз мамлекетинин эркиндиги үчүн күрөшкөн инсандардын ичинен Төрөкул Айтматов жана Жусуп Абдрахмановдор өзгөчө орун ээлейт десек, жаңылышпайбыз. Бирок, тилекке каршы, алардын өмүрлөрү, коомдук-саясий жана мамлекеттик ишмердүүлүктөрү өтө жооптуу жана коoптуу мезгилге туура келген. Жооптуу болгону кыргыз эли мамлекеттүүлүгүнөн ажырагандан кыйла кылымдан кийин Совет мамлекетинин алкагында кайрадан улуттук автономия тибиндеги мамлекетти түзүүгө киришкен, ирилешкен чарбаларды-колхоз, совхоздорду уюштуруу, өнөр жай жана маданий курулуш жаңыдан кулач жайып бара жаткан учурга туура келген.

Алгач сөз Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөгө салымын кошкон инсандардын бири Жусуп Абдрахманов жөнүндө болмокчу. Жусуп Абдрахманов 1927-жылдын 12-мартында 26 жашында Кыргыз АССРинин Эл Комиссарлар Советинин председатели болуп дайындалган. Республиканын өкмөтүнүн башында турган кезинде өзгөчө тайманбас, борбордун көзүн карабаган саясат жүргүзөт. И. Сталинге эки жолу (1929-жылдын ноябры, 1930-жылдын апрели) жазган каттарында республиканы үч жерге (союздук борборго, РСФСРге жана СредАзбюрого) баш ийдирген туура эмес практиканы жоюп, союздук республикага айландыруу маселесин эки жолу кайталап коёт. Кийин Жусуп Абдрахманов камалганда так ушунусу улутчулдук деп бааланган болучу.

Жапырт колхоздошуу башталганда эле, 1930-жылы, Кыргызстанда мал чарбачылыгы чоң бүлгүнгө учурап, малдын башы 10,4 пайызга кемигени белгилүү. Ал эми Жусуп Абдрахманов болсо өзү иштеп турган жылдары ошондогу борбордун жана жергиликтүү чоңдордун каршылыгына карабастан, кооперация идеясын көтөрүп жана аны колунан келишинче ишке ашырууга (Интергельпо) аракеттенип келген. Ошондой эле Жусуп Абдрахманов көчмөн калкты чукулунан отурукташтырууга да каршы болот

(1930-жылы өлкөдө 85 көчмөн жана жарым көчмөн жеке чарба болгон, Жусуп Абдрахманов Кыргызстан Советтеринин III съездинде катуу туруп, отурукташтыруу планын 30 миңден реалдуу 8 миңге азайттырат). Жусуп Абдрахманов ошондой эле жергиликтүү шартты билбеген москвалык десанттын сабатсыз иштери менен дагы, жергиликтүү жетекчилердин иш билбестиги жана келишүүчүлүгү менен дагы дайыма аёосуз күрөшүп келген.

Кыргыз тилинин ролун жогорулатуу, улуттук кадрларды даярдоо жана кызматка коюу, өлкөнү индустриализациялоо дайыма Ж. Абдрахмановдун көңүлүнүн чордонунда болгон. Мамлекеттик жана саясий ишмер катары ал элдин кызыкчылыгын биринчи орунга койгон жана бул максатка жетиш үчүн бардык энергиясын, акылын, күчүн, уюштуруучулук талантын, ал эмес өз өмүрүн дагы аяган эмес.

Ал эми коомдук-саясий жана мамлекеттик ишмер Төрөкул Айтматовдун да өмүрү жана ишмердүүлүгү Жусуп Абдрахмановдукундай кыска жана нуска болгон.

Кыргыз АССРинин түзүлүү тарыхына кайрылсак, 1927-жылы 7-мартта Фрунзе (азыркы Бишкек шаары) шаарында Кыргыз АССРинин I съезди өтүп, анда Кыргыз Автономиялык Советтик Социалисттик Республикасынын түзүлүшү жөнүндөгү декларация кабыл алынган. Съездде Кеңештердин съезддер аралык жогорку мамлекеттик органы болгон, курамы 123 мүчө жана 27 талапкерден түзүлгөн Кыргыз АССРинин Борбордук аткаруу комитети шайланган. Комитеттин курамында Ж. Абдрахманов, А. Орозбеков, Т. Айтматов ж.б. сыяктуу пртиялык, кенештик, илим жана маданият кызматкерлери болгон [1: 216]. Советтердин уюштуруу съезди кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу жолунда маанилүү роль ойногон. Мамлекеттүүлүк кыргыз элинин жерин, экономикасын жана маданиятын бириктирген, улуттун кайра жаралышына шарт түзгөн. Демек, жогорудагы маалыматтарга таянсак, Жусуп Абдрахманов менен Төрөкул Айтматовдун бир мезгилде кызматташканын байкай алабыз.

Кийинки маалыматтарыбыз Төрөкул Айтматовдун өмүр жолу жана ишмердүүлүгүна арналат. Төрөкул Айтматов Талас жергесинде 1903-жылы төрөлгөн. Ал учурда жергиликтүү калк Россия империясынын колониялык үстөмдүгү орногондон кийин уюшулган Түркстан генерал-губернаторлугунун курамындагы Сыр-Дарыя областынын Олуя-Ата (азыркы Тараз) уездине карачу.

Жети-Суу областына караштуу Токмок уездинин адепки начальниги майор Г. С. Загряжскийдин жазганына караганда, небактан бери Таласты жердеген жергиликтүү кыргыз уруулары кушчу, саруу, кытай уруу-уруктары 1869-жылга карата үч болуштукту (волосту) түзүшкөн [1: 41]. Ал эми «Сыр-Дарыя областынын 1885-жылкы абалы тууралуу жалпы кабар (обзор)» боюнча, Олуя-Ата уездиндеги кыргыздар 6 болуштуктан туруп, жалпы саны 478000 кишиге жетиптир [2: 2]. Колониялык орус чиновник жана окумуштуу Н. А. Аристовдун пикирине ылайык, элди санаганда алардын ар бир түтүнү орточо 5 эркек менен ургаачыдан турары эске алынып, бул сан 9560 түтүндү түзгөн. Анын ичинен 3000 түтүн 1864-1867-жж. Ашпарадан аркы Чүйдүн этеги менен Таластын башына оогон солтолор (талкан уругу) боло турган. Калганы сол канатка кирүүчү (6560 түтүн) кушчу, саруу, кытай, мундуз ж.б. эле [3: 530].

Төрөкул Айтматовдун ата-бабасы кытай уруусунун Шекер уругунан чыкканы маалым. Алардын түпкү атасы санжыра боюнча болжолу XV кылымда жашап өткөн Кытай баатыр болгон [4: 157]. Кытай уруусунун майда-чон уруктары 1908-жылкы статистикалык кабар боюнча Олуя-Ата уездинин Күркүрөө болуштугунун №1-14-айылдарында 1243 түтүн, 7137 жан, Наманган уездинин Чаткал болуштугунда 220 түтүн, 674 жан, Пишпек уездинин Батыш Сокулук болуштугунда 49 түтүн, 169 жан,

Сарыбагыш болуштугунда 64 түтүн, 344 жан жашаган [5: 3].

Т. Айтматов адегенде 1912-1914 (1913)-жылдары айылдагы мусулман мектебинен башталгыч билим алат [6: 9]. Анын атасы, өзү өмүр баянында баса белгилегендей, негизинен, мал чарбачылыгы менен жан баккан кадимки көчмөн кыргыздардын бири эле. Бирок ал башка агайын-тууган айылдаштарынан ар түркүн өнөрү, арабча жаза билгендиги, мээнеткечтиги менен айырмаланып, үй-бүлөсүнүн жетишерлик мал-мүлкү болгондуктан, тың жашачу. Айтмат Кимбилди уулу эрки бекем эмгекчил, демилгелүү иштерман ишкер киши болгон. Аймактагы кыргыздардын арасынан биринчи болуп «Зингер» маркасындагы кийим тигүүчү кол машинесин сатып алып, кийим тиккен жана кыздарына тикмечилик өнөрдү үйрөткөн. Ушундан улам айылдаштары, алыс-жакындагы тааныштары аны «тикмечи Айтмат» деп атап ылакап атка кондурушкан [7: 9].

Айтмат билим алууга кызыгып, орус тилин үйрөнгөн. Устачылык жагдайы барлыгынан Олуя Ата мектебине барып, балдарга кол эмгегинен сабак берген. Жеке эле Төрөкулду окутпастан, Алымкулду, Өзүбекти (агасы Биримкулдун балдары), Рыскулбекти, ал тургай, Гулайымды (Айтматтын кичүү уулу менен кичүү кызы) дагы окуткан дешет [8: 128].

Айылдын тургундары буудай, арпа тартуу үчүн алыс барып, тартып келишчү. Элдин камын ойлошуп, Айтмат агасы Биримкул менен бирдикте 1913-ж. мал-мүлкүн сатып, андан түшкөн каражатты, бар байлыгын сарптап, Күркүрөөдөн дөңсөөгө арык тартып бир чоң кулак суу чыгарып, орус ортокторуна тегирмен курдурушкан [9: 14].

Бул жөнүндө небереси Чыңгыз Айтматов учурунда мындай деп жазган: «Чоң атам агасы Биримкул экөө колундагы бардык байлыгын ортого коюп, тегирмен курууга жумшашат. Жай бою эки үй-бүлө баш көтөрбөй, Күркүрөөдөн тегирменге суу келчү арыкты казып чыгышат (азыр анын болор-болбос изи калган). Дубалын көтөрүшөт, үстүн жабышат. Бир жылдан соң тегирмен ишке киришет» [10: 5].

Тилекке каршы, жарым жылдан ашык убакыт Күркүрөөнүн суусуна күнүгө күпүлдөп иштеп жаткан тегирмен 1913-жылы өрттөнүп кетет.

Чыңгыз Айтматов чоң энеси Айымкан жөнүндө: «Аябагандай жылдыздуу, акылдуу, айыл ичинде кадыр-баркы арткан чоң энем мен үчүн жомок кенчи, ыр байлыгы, улама сөздүн булагы болгон. Ал кишинин аркасы менен көргөн акындык өнөрлөр менин балалык чагымдын көөнөрбөс көркү болду» [11: 9] деп эскерет. Төрөкулдун карындашы Гүлайымдын айтканы боюнча, «бардык көрөңгөнүн башаты энеси Айымкан болгон» экен. «Аялы Айымкан менен улуу кызы ашкан уз Айымкүлдүн аты менен Айтматтын үй-бүлөсү атак-даңкка жетишкен» [12: 9].

Кутүүсүздөн кырсыкка кабылып тегирмени өрттөнүп кетип, болгон мал-мүлкүнөн айрылган Айтмат жанына тун уулу Төрөкулду эрчитип, 1913-жылы Маймак станциясына жакын темир жол курулушуна жөнөйт. Мында ата-бала Түркстан-Сибирь темир жолунун бир бутагы болгон Маймак станциясына танапташ «Тешкен-тоону» курууга, андан тышкары, бир нече бекеттерди курууга катышкан. Зээндүү бала Төрөкул бүткүл дитин коюп далалат кылуудан талбагандыктын аркасында орус тилинде сүйлөгөндү өтө тез өздөштүрүп, жазганды да үйрөнүп алган. 1915-ж. Айтмат уулун Олуя-Атадагы орус-тузем мектебине киргизет.

1904-жылы Кара-Буурада (Александровское), Үр-Маралда (Талас-Дмитриевское) ушул сыяктуу мектептер ачылган. Орус-тузем мектептеринде (эки класстуу) араб тамгасы-сабаттуулугу менен ислам дининин негиздеринен тышкары, орус тили, арифметика, тарых, география жана табият таануу сабактары окутулчу. Т. Айтматов Олуя-Атадагы эки класстуу (2,5 жылдык) орус-тузем мектебинен окуганы белгилүү.

Аталган мектепти Айтматтын эски досу, кеӊ-аралдык (азыркы Бакай-Ата районундагы) Абжалбек Чолпонкулов жетектөөчү экен. Анын өтүнүчү боюнча Айтмат дагы мектепте калып, окуучуларга кол өнөрчүлүгүн үйрөтүүчү эмгек сабагынан мугалим болуп орношот. Анын үстүнө, ал арабча жазып, окуган сабаттуу адам болгон. 1917-жылы Төрөкул орус-тузем мектебин аяктаганда, Айтмат кайра Шекерге үй-бүлөсүнө кайтууга туура келет.

Т. Айтматов билимин андан ары улантуу максатында 1917-жылдын күзүндө ошол эле калаадагы бирдиктүү эмгек мектебинин биринчи баскычынан окуй баштайт. Аны 1919-ж. аяктагандан кийин реалдык училищеге кирет. Мында сегиз ай окугандан кийин атасынын катуу ооруга чалдыгып каза болгонуна байланыштуу, 1920-ж. Шекерге кетүүгө мажбур болот. Анткени атасынан кийинки эркек балдардын улуусу катары үй-бүлөнүн түйшүгү атанын керээзи боюнча анын мойнуна жүктөлгөн эле.

Т. Айтматовдун эмгек жолу 1920-1921-жылдары бир эле мезгилде эки кызматта – Күркүрөө ВРКнин катчысы жана Грозный кыштагынын (азыркы Аманбаев айылы) батрактар уюмунун катчысы болуп иштегенден башталат .

Т. Айтматов иште өз билимин, жөндөмүн көрсөткөндүгүнүн натыйжасында 1921-жылы комсомолдун Сыр-Дарыя областтык съездине Таластан делегат болуп Ташкент шаарына жөнөтүлөт. 1921-жылы Ташкенттеги советтик-партиялык мектепте окуп калат. Көп өтпөй Төрөкул Айтматов абдан аракетчилдиги, тырышчаактыгы үчүн аны алдыӊкы окуучу катары Москвадагы Чыгыш эмгекчилеринин Коммунисттик Университетине окууга жөнөтүшөт. Бул жогорку окуу жайда ал 1921-жылдан 1924-жылга чейин 3,5 жыл окуган. РКП(б) БКнын Түркбюросунун мүчөсү Султан Сегизбаев жооптуу төрагалык кылган сыноо комиссиясынын сынагынан жакшы өткөндүгү үчүн Москвадагы Чыгыш элдеринин Коммунисттик Университетине окууга жолдомо алган экен.

Т. Айтматов орто азиялык студенттердин арасында үгүт-насыят иштерин ийгиликтүү жүргүзүп, бир нече ирет мактоого татыктуу болгон.

Т. Айтматов Москвадагы ЧЭКУде студент кезинде эле мыкты окугандыгы, коомдук иштерге активдүү катышкандыгы, комсомолдук тапшырмаларды так аткаргандыгы жана үлгүлүү жүрүш-турушу үчүн ВКП(б)на кандидаттыкка кабыл алынганы талашсыз. Ал эми 1925-жылы каттоо баракчасында партияга 1922-жылы кирген, партиялык уюмдагы абалы уюштуруучу; агитатор-пропагандист деп көрсөткөн.

1922-жылдын октябрынан 1923-жылдын июнь айына чейин сабактан тышкары (кийин) убакытта Век заводунда байланыш боюнча иштейт.

1924-жылы январда РКСМдын университеттик комитетинин мүчөлүгүнө шайланып, уюштуруу бөлүмүндө иштей баштаган. Ал эми ошол эле 1924-ж. жайында июнь-август айларында Түркфронттун Улуттук командалык мектебинде коом таануу сабагы боюнча окутуучу болуп эмгектенет.

1926-29-жылдары Каракол-Нарын округдук комитетинин, Жалал-Абад кантондук комитетинин секретары, 1929-31-ж. Кыргыз АССРинин Өнөр жай-соода эл комиссары жана Эл чарбасынын борбордук советинин председатели, 1931-33-ж. партиянын Араван-Буура райкомунун 1-секретары, 1934-35-ж. ВКП (б)нын Кыргыз обкомунун 2-секретары болуп иштеген. 1935-37-ж. Москвадагы Кызыл профессура институтунда окуган. Анын демилгеси менен 1926-жылдан кыргыз тилинде «Коммунист» партиялык-саясий журналы чыга баштаган. Төрөкул Айтматов 1927-28-ж. республиканын түштүгүндө жер-суу реформасын жүргүзүү үчүн түзүлгөн комиссияны жетектеген.

1937-ж. 1-декабрда жазыксыз камакка алынып, ага «куралдуу жол менен Совет бийлигин кулатууну жана Англиянын протектoратынын астында буржуазиялык-улутчулдук мамлекетти түзүүнү милдет кылып алган, Кыргызстанда бети ачылып, жок

кылынган контрреволюциячыл-улутчул «Социал-туран» партиясынын көрүнүктүү ишмери» деген күнөө коюлган жана 1938-ж. 5-ноябрда атылган. 1957-ж. акталып, партиялуулугу калыбына келтирилген.

Ата-Бейит – саясий репрессиянын курмандыгы болгон адамдардын сөөгү коюлган жер. Бул жерде (Бишкек шаарынан 30 км түштүк тарапта, Чоӊ-Таш айылынын жанында) 1938-жылынын 5- жана 8-ноябрларынын түнүндө 138 киши атылып, кыш бышыруучу чакан заводдун эски мешине көмүлгөн. Алардын катарында Кыргызстандын 20-30-жылдардагы көрүнүктүү саясий, мамлекеттик жана коомдук ишмерлери **Жусуп Абдрахманов,** Баялы Исакеев, **Төрөкул Айтматов,** Хасан Жээнбаев, Эркинбек Эсенаманов, Мурат Салихов, Султанкул Шамурзин, Иманаалы Айдарбеков, кыргыз адабияты менен искусствосунун көрүнүктүү өкүлү **Касым Тыныстанов** ж. б. болгон.

Жогорудагы эки улуу инсан кыргыз элинин ар тараптан өнүгүшүнө опол тоодой салымын кошкон десек, жаӊылышпайбыз. Алардын өмүр жолу жана ишмердүүлүгү кийинки жаштарга үлгү болот деген ишеничтебиз.

**Адабияттар:**


1. Кыргызстандын тарыхы. 3-том. -Бишкек, 2016.
2. «Түркестанские ведомости» газетасы, 1874-жыл, №41.
3. «Обзор Сыр-Дарьинской области за 1885 год». - СПб., 1886. Смирнов Е. Т. Сыр-Дарьинская область: Описание, составленное по официальным источникам. - СПб., 1887.
4. Аристов Н. А. Усуни и кыргызы или кара кыргызы: Очерки истории и быта населения западного Тянь-Шаня и исследования по его исторической географии. -Бишкек: Илим, 2001. Аристов Н. А. Труды по истории и этническому составу тюркских племен // Отв. ред. акад. В. М. Плосских. -Бишкек: Илим, 2003.
5. Материалы по истории киргизов и Киргизии. Вып. I. - М.: Наука, 1973. Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. -Бишкек: Кыргызстан, 1995. Закиров С. Кыргыз санжырасы. - Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1996.
6. Айтматов Ч. Менин Мекеним //Төрөкул Айтматов. - Бишкек: Илим, 1993.
7. КР СДБМА. -Ф. 10, оп. 15, 99-иш.
8. Ошондо эле, 100-иш, 9-барак.
9. Ошондо эле
10. Абдукеримов Б. Элдин уулу. //Төрөкул Айтматов. - Бишкек: Илим, 1993.
11. КР СДБМА. Ф. 10, оп. 15, 99-иш, 14-барак.
12. Ошондо эле, 5-барак.
13. Ошондо эле, 4, 5, 30, 33-барактар, 100-иш, 9-барак.
14. Айтматова Р. Белые страницы истории. –Бишкек, 2019.